
С кырг.
Ж 64

Сураничы Жетимишов

# ЭЛ САКТАГАН БАЛА

(Жомок)



Ош - 2009


Ж 64

Суранчы Жетимишов



# ЭЛ САКТАГАН БАЛА

(Жомок)



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472328

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

Ош – 2009

ББК
УДК

Суранчы Жетимишов, «Эл сактаган бала» Жомок. Ош шаары, 2009-ж.16 бет.

Ата-журтту сүйүүгө, кастарлоого, аны көздүн карегиндей сактоого, улуу мурастарды, ата-баба тарыхын терең үйрөнүп ардактоого жаштарды чакырат.

# ЭЛ САКТАГАН БАЛА
(Жомок)

**Катышуучулар:**

1 Жомокчу
2 Балдар
3 Хан
4 Нөкөрлөр
5 Бала
6 Эл өкүлдөрү

**Жомокчу** Саламатсыңарбы балдар?
**Балдар** Саламатсызбы?
**Жомокчу** Балдар! Жер үстүндөгү алааматтар эмнеден улам болоорун билесиңерби?
**Балдар** Билебиз.
**Жомокчу** Айткылачы? Эмнеден улам болот экен?
**Балдар** Селден, шамалдан, өрттөн, суудан, согуштан.
**Жомокчу** Согуш эмнеден келип чыгат?
**Балдар** Ачкөздүктөн, акылсыздыктан, басып алуудан.
**Жомокчу** Согуш жер бетине эмнелерди алып келет?
**Балдар** Ажал, ачарчылык, кыргын, тумоо.
**Жомокчу** Демек, согуш жаман экендигин бардык адамзаты жакшы билет. Туурабы?
**Балдар** Туура.
**Жомокчу** Адамзаты үчүн эмне кымбат?
**Балдар** Ата Мекен, ата-эне, тынчтык, эркиндик.
**Жомокчу** Азаматтар! Баарың жакшы билет экенсиңер. Биздин Ата Мекенибиз кайсы?
**Балдар** Кыргызстан.
**Жомокчу** Туура. Биздин Ата Мекенибиз Кыргызстан. Мекенибизди кандай баалашыбыз керек?
**Балдар** Көздүн карегиндей.

**Жомокчу** Туура айтасыңар. Мен силерге Ата Мекенин сактаган бала жөнүндөгү жомокту айтып берейин. Макулсуңарбы?

**Балдар** Ма-акулбуз.

**Жомокчу** Илгери-илгери, өткөн заманда ач көз, саранбир падыша болуптур. Ал өзүн өзгөчө күчтүү сезип, башкаларды эч бир теңине алчуу эмес. Күндөрдүн бир күнүндө башка элдерди басып алгысы келет. Түмөндөгөн жоокерлерин кандуу жолго баштап чыгат. Ал барган жердин элдери жакырданышат. Ырайымсыз падышанын көп жоокерлерине азык түтпөйт. Эл кырылып, гүлдөгөн аймак, чаңдаган чөлгө айланат.

## 1-көрүнүш

**Кыргыздын Ала-Тоосу**
**Керилип жаткан кең жайлоо**
**Нөкөрлөрүн ээрчиткен хан чыгат**

**Хан** Буруттардын баары эле баатыр эмес,
Булкунгандын баары эле, жоокер эмес.
Ичинде бечели бар, кесели бар,
Биз менен булар жоолашканын, доолашканын коюшсун!

**1- нөкөр** Туура айттыңыз, таксыр!

**Хан** Ачуум келсе – ташын талкан, тоосун майкан кылам. Кааласам – эришин бузуп, шамалдай сапырып, элин жоем-кырам!

**2- нөкөр** Албетте, тасыр! Сиз баштаган колго кимдер туруштук бере алмак.

**Хан** Уулун мууздап, кызын туткундап, уругун тукум курут кылам.

**1- нөкөр** Ханым, согушуп жүрүп, ат аягы талыды. Туяктары жешилди.

**2- нөкөр** Чабышып жоокерлер арыды, сооттору тешилди.

**Хан** Ат аягы талыбайт,
Жоокерлер арыбайт.



Басканым баскан,
Чапканым чапкан.

**1- нөкөр** Биз баскан жердин эли,
Көбү кармашып өлүштү.
Азы жашынып кетишти.

**Хан** Күн баткан жерден, ай чыккан,
Ай баткан жерден күн чыккан.
Көркөмү башка жер экен – ов! Пай, пай
Аттиң ай! Ай чырайлуу Алатоодой жерим болсо
Алоолонгон элиндей элим болсо
Эч арманым болбос эле.

**2- нөкөр** Туура айттыңыз таксыр!
Көркөмдүгү башкача
Жери жер эмес бекен?

**1- нөкөр** Пай, пай, Топурагы май, таштары алтын

**Хан** Айткыла! жарлыгым бар, жаамыга
Ушул жерди мекендеп,
Жерин жер, элин эл кылам.

**2- нөкөр** Кандуу колубуз менен
Канча жерди ээледик,
Алар деле, биздин жерибиз, таксыр?

**Хан** Алкынып, селдей бир чыккан
Баатырын сыйлап пир туткан
Улуу Тоонун эли душманым болбосо болот эле?
Маңдайга жазганын көрөрмүн,
Ажалым жетсе өлөрмүн.
Алтын уюган бул жайды,
Башкага бербей ээлеймин.

**1- нөкөр** Сиз айткандай таксыр!
Жайлоосунда жел ойногондой ойнодук

**2- нөкөр** Кыштоосун кыдырып,
Каалагандай тойлодук.

**1- нөнөр** Калтаңдаган карысын кырып,

**2- нөкөр** Баскан баласынан бери байладык,
Малын сүрүп айдадык.

**1- нөкөр** Жумшактан күлү, катуудан казаны эле калды

**2- нөкөр** Анча-мынча баш көтөргөндөрүнүн
Белдерин сындырып, көздөрүн ойдук.

**1- нөкөр** Ачкалыктан тери чайнап,
Ит минген абалда калышты.
**Хан** Менин атым, ташына чегилсин
Укканы чочуп,
Ыйлаган баласы сооронсун!
**2- нөкөр** Көбүн көк талдай ийдик,
Көкөйлөрүнө, көк таштай тийдик.
**1- нөкөр** Бирок…
**Хан** Эмнеге бирок?
**2- нөкөр** Арасында баш бербенген да бар экен!,
**1- нөкөр** Бул жайдан, эртерээк эле кетеличи берекем?
**Хан** Жо-ок! Айдыңдуу Алатоодо гана турам. Эркегин
кул, катынын күң жумшап, мына ошолорго
Кылбаган санатты кылам
Баш ийбегенин аябайм, кырам!
**2- нөкөр** Буйругуңуз менен, өрүшүн билинтпей бастык.
**1- нөкөр** Адам канын суудай агызып, элин таруудай чачтык.
**Хан** Ха-ха-ха! Мунуңар мага жагат.
Моокумум канат.
Каршылык кылганын муунтуп,
Тамырын кескиле!
Дарманын кетирип,
Жиликтеп, иттерге бергиле!
**2- нөкөр** Айтканыңыздай болот, таксыр!
**Хан** Адам башын топтой ойноп,
Кылыч мизи мокодубу?
Найзалар тукулжурап
Ай балталар жешилдиби?
Ажыдардай сойлоп,
Түмөн журтун жойлоп,
Оп тартып баарын.
Мен гана таптадым
Эми, күлүп-ойноп, той-тойлоп,
Келди кезек, шапар тээп жатмагым.

***Баскынчылардын күлгөндөрү угулат.***



**2-көрүнүш**

**Кыргыз жери. Эл өкүлдөрү жыйынга чогулушкан.**

**Карыя** Оо, калк! Башыбызга караан, түн түштү.
Душман элибизди камалап турушат.
**1-жигит** Душман талабы эмне экен?
**Карыя** «Ыктыярыңар менен баш ийип бергиле!»-дешет.
**2-жигит** Баш ийбейбиз, элди коргойбуз, жерибизди бербейбиз.
**1-жигит** Аламан-салык дешти. Ай туяктуу тулпарларды,
айдай чырайлуу кыздарыбызды бердик. Эми, жер
сурашмак экен да! Таш балекетти да бербейбиз.
**2-жигит** Өрдөштө бирден чачылбай
Бөлүнүп сыңар бастырбай
Кылая тартып, жоо чыкса,
Курал менен сүйлөшөлү.
**1-жигит** Жекелешсе алышалы,
Көптөшсө чабышалы!
**2-жигит** Жөн жаткан жерди чым басат,
Жөн жаткан ташты ным басат.
**1-жигит** Биз да баатырлардын тукумубуз,
Бабалардын уругубуз.
**Карыя** Чыйыры жок жайдан, жол тапкан кыргыз,
Чырмалган кезде, ой тапкан кыргыз.
Жылчыксыз жайдан көз тапкан кыргыз,
Жым болгон жерден, сөз тапкан кыргыз.
Ак шумкардай кыраан элек,
Арстандай чыгаан элек.
**Байбиче** Бел чечтирип, бейпил уктатпаган,
Бекер койбой бучкактаган.
Ат керүүдө, найза босогодо,
Ач бөрүдөй алкынган заман!
Куу түлкүдөй жойлогон заман
Ай, заман-ай заман!
**Карыя** Жылаңач кылыч көтөрөр,
Айгайлап, найза сундурар,
Уучубуз кур эмес, элибиз бар!
Алатоонун бүркүтүндөй,

Кубат болор белибиз бар.
Кана, эр азаматтар!
Элим – деп, чыкчу киминер бар?

**Үндөр** Мен чыгам! Мен чыгам!
Мен чыгам! Мен чыгам!

**Жарчы** Жортуулга! Жортуулга!
Ылгоол! Аттангыла! Аттангыла!

### 3-көрүнүш

**Чабыш. Кагышкан калкан, чакылдаган кылыч. Айкашкан найза, Айгайлашкан үндөр Чуру-чуу.**

**Хан** Буруттарды алышып ала албадык,
Булкушуп жеңе албадык.
Заман тейи башка.
Артыңдан келчү дооң жокпу?
Алкымдап кетчү жооң жокпу?
Катаал замандын мыйзамы бар.
Сен өлтүрбөсөң, ал өлтүрөт.
Ал үчүн канжар болуп суурулуп,
Кылыч болуп кандап өт.
Найза болуп сунулуп,
Чокмор болуп ийлеп өт.
Колуңдан келсе душманды,
Жүрөгүн жар, денесин тыт.

**1- нөкөр** Таксыр, туткундарды эмне кылалы?

**Хан** Жолдугубузга чалгыла!
Аскерлерин аңга ыргытып
Баштарынан мунара салгыла!
Өлүккө карга-кузгун тойсун
Алар да маакулук
Бизге ыраазы болсун!

**2-нөкөр** Жаш балдарын не кылалы, таксыр?

**Хан** Буйрукту көңүлгө түйгүлө,
Буруттардын балдарын бүт чогултуп,
Мекенинен ары сүргүлө!

***Айбалталар көтөрүлүп, кылычтардын шилтенгени жарыктан көрүнөт.***



### 4-көрүнүш

**Майдан талаасы**

**Чуру-чуу жакындайт. Миңдеген ат туяктарынын дүбүртү. Айгайлашкан үндөр. Тополоң чаң.**

**Үндөр** Ур-а! Ур-а! Сок, сок! Чап, чап! Жанч! Өлтүр, Сок

**1-нөкөр** (Элтеңдеп эки тарабын карап) Ай, ай, кантет? Кача башташты.Балээ бас. Сүрүп киришти го?

**2-нөкөр** Качалы, таксыр? Качалы?
Көп кол, кара селдей каптап келе жатат.

**1-нөкөр** Тебелеп кетпесин, таксыр? Ана, көчкүдөй болуп капшырып киришти.

**Хан** Нөкөрлөр

**Нөкөрлөр** Биз даярбыз, таксыр?

**Хан** Аскер башчыларына кабар бергиле!
Бириси артка кача турган болсо, баштары алынат,
Өлүшсө, өлүшсүн. Тирүүлөрү артка чегинишпесин!

**Нөкөрлөр** Куп болот, таксыр.

**Чабыш уланат. Чуру-чуу акырындап алыстайт.**

**1-нөкөр** Сүйүнчү, таксыр?

**2-нөкөр** Таксыр, сүйүнчү?

**Хан** Болсун!

**1-нөкөр** Караңызчы, биздин көп кол туруштук берди.

**2-нөкөр** Тебелеп келе жаткан селди токтотушту.

***Хан колун серепчилеп сыртка чыгып келет.***

**1-нөкөр** Акебай, алар эр экен.
Аздыгына карашпай, кармашып жатышат.

**2-нөкөр** Тек! Тамтыраган акмак! Абайлап сүйлө!
Хан укса, тилиңди суурул итке ыргытат.

**1-нөкөр** Куралы жогу бакан, союлун көтөрүп, биздикилерди жанчып, тыркыратып жиберишти.

**2-нөкөр** Көптүн иши көп да, аларга моюн бербей жатышат.

**1-нөкөр** Жалаң жаш балдар, катын-калачы калыптыр

**Хан** (кирип) Баргыла! Кыргынды токтотушуп, тирүү калгандарды мында айдап келишсин!

***Нөкөрлөр сыртка чыгып кетишет. Хан колун улам серепчилеп, улам айланасын карайт.***

**1-нөкөр** Таксыр, буйругуңуз аткарылды. Аман калгандарды

камалап турушат.

**Хан** Баш уруп, жан соогалашканын аман калтырышсын!

**2-нөкөр** Өлтүрсөңөр да, жерибизден кетпейбиз дешиптир

**1-нөкөр** «Башчыңар менен жолуктургула?»-дешет.

**Хан** Кана, четинен бирин алып келгилечи! (колу байланган баланы алып келишет) Мунусу боз баш балапан го? Ээгинде түгү бар, эркеги жок бекен?

**2-нөкөр** Тири карагы ушул экен. Муну эмне кылалы таксыр?

**Хан** Кул кылып жумшагыла

**Бала** Буларыңыз мени кул кылып жумшай албайт, хан!

**Хан** Себеп?

**Бала** Себеби, «Туулган жердин топурагы алтын» делет. Мен туулган жеримде ошол алтынды аралап жүрүп, бирөөгө кул болмок белем. Мени кул дегендин өзү жаңылат "Ээгинде кылы бар эркек жокпу?"- дейсиз Түктүн көбү айбанда болот. Түк, адамга акыл болбойт.

**Хан** Тигини, тигини! Колуң байланып, ажалың жетип араң турасың, бизге кул эмей, эмнесиң сен?

**Бала** Аныңыз да туура, таксыр! «Бөтөн жердин ханы болгуча, өз жериңдин кулу бол»-деген накыл бар элде Өз жеримде кулдай иштеп, бийдей жашай алам. Мени кул дебей, бий дегиле.

**Хан** Дымаган көр мунун. Бул жердин бийи сендей болсо, элиңер бийге жарыган экен. Деги сен, кимсиң?

**Бала** Кыргызмын. Туулган жеримде мени кул дегендер жаңылышат. Мекеним бар, тирек-кубатым бар.

**Хан** Ошон-дой дегин. Мекениң кимдин колунда турганын билесиңби? Тирек, кубаттыңдан айрылбадыңбы?

**Бала** Жаңылдыңыз хан. Менин Ата Мекенимди колуңузга кармашка кубатыңыз жетпейт. Ал силерди кармап турат.

**Хан** Сенин элиң менин алаканымда. Жумсам тумчугасыңар, ачсам төгүлүп-чачыласыңар ачуум келсе- фуу-деп үйлөп салам.



**Бала** Эзелтеден элди, чеңгелге салып өлчөбөйт Эрдигине карап баа берген. Акылына карап сын берген, хан! Үйлөп салгыдай чаң эмес, кыргыз!

**Хан** А балакай, сени баш көтөртпөй шоруңду кайнатам. Кошко салып жер айдатам. Кирпигиңден асып, өлүгүңдү итке ыргытам. Алдагы буудай куурууган тилиңди кестирем.

**Бала** Эзелтен эски накылда «Баш кесмек бар, тил кесмек жок», хан!

**Хан** Оо, муну кара! Мени менен тең тайлашып, айтышканы келдиңби?

**Бала** Таймашсаңыз сиздин шердигиңиз. Айтышсам менин эрдигим, хан!

**Хан** Башыңды ала электе, айт! Эмне талабың бар?

**Бала** Айтайын. Баласынтпай менин айтканымды аткарар белеңиз?

**Хан** Бактыңдан, тактыңдан көр. Бар тобокел! Көңүлгө туура келсе аткарайын.

**Бала** Хандын сөзү бир болот. Убададан тайганы, бийлигинин жалганы. Сөзүңүзгө турарсыз. Башымды алып тынарсыз.

**Хан** Жанынын таттуулугун көр

**Бала** Тана албайсыз калпты. Сиздин деле жаныңыз таттуу.

**Хан** Мына, түмөндөгөн колум күбө.

**Бала** Ыраспы?

**Хан** Ырас. Айт?

**Бала** Өтүнүчүм, шакекке сыйарлык жер сурайын, бере аласызбы?

**Хан** Ошол элеби? Ага мен зыкымдык кылбайм. Маакул.

**Бала** Ошол жерде жашаган элди кошо сурайын?

**Хан** Ага да маакул. Мен убадада турайын. Талабыңды аткарсам, сен жаныңды бересиңби?

**Бала** Сөз эки болбосун, маакул! Айбан болсун, убада-шерттен кайткан!

**Хан** Хандын айтканы айткан. Маакулмун. Талабыңды айт. Сура!

**Бала** Колго түшкөндөрдү түгөл кое бердирип, артыңызга алты күндүк жол тартыңыз? Шартымды ошондо гана айтайын.

**5-көрүнүш**

**Ээн талаа. Эрме чөл.**

**Хан** Убададан тайбадым. Түмөндөгөн колумду алып, ээн жерге келип турам. Кана, алып келгиле баягы баланы?!

***(Нөкөрлөр колу байлануу баланы алып келишет)***

**Хан** Колун чечкиле! Көпчүлүккө айтсын, эмне экен талабы?

**Бала** Алты күн аркага кайтып, убадага турдуңуз ханым!
Түмөн колду өзүңүзгө каратып, көңүлдөрүн бурдуңуз. Эми, салааңыздагы шакекти алыңыз. Көзүңүзгө алып келип, келген жагыңызга караңыз?

**Хан** Мына, мына!

**Бала** Кана, канча жер көрүндү?

**Хан** Оо-уу. Эбегейсиз. Бүтүндөй аалам көрүндү.

**Бала** Анда, берген убада, убада.
«Шакек сыйарлык» жер берем дегенсиз.
Хандын айтканы дайыма туура. Көпчүлүк күбө буга.

**Хан** Мени, шакабалаба бала!

**Бала** Сиз убада бергенсиз.

**Хан** Калп.

**Бала** Түмөн колуңуз күбө.
Хандын айтканы айткан?
Айбан, мал болот, убададан кайткан

**Хан** Сен да жанымды берем, дегенсиң

**Бала** Аныңыз тура. Мен мойнума алам.
Бирок, сиз «Сураган жердин, элине тийбейм» - дегенсиз. Мен ошолордун биримин. Ыйык Мекенимде кулдай иштеп, жан күйгүзгөн биймин!

**Жомокчу**. «Ойносоң да ойлоп сүйлө» дейт элибизде. Эр балдар элин коргойт, Акылманы бар эл, эч кор болбойт.

* * *



# ДАҢАЗАЛУУ ДАБАН

(Тарыхтан)



**Фергана аргымактары**

Б.з.ч бир мезгилде түштүк Кыргызстан—Фергана аймагын ээлеп турган Дабан падышачылыгынын курамына кирген. Кытайлар Дабанды "Тоюань" дешкен. Юйту өрөөнү деп аталган Алай өрөөнүндө ошол кезде уш Хюсюнь уруулары жашаган. Алардын аталышын Ош шаары сактап калган.

Кытай өкүлү Чжан Цян «Дабандыктар отурукташкан турмуш өткөрүшөт. Дыйканчылык менен кесиптенишип, буудай, күрүч эгишет. Жүзүмдөн шарап жасашат. Аргымактары абдан көп. Жылкыларынын тери кызгылт кандуу болот. "Алар асман жылкыларынын тукумдарынан пайда болгон"-деген уламышты айтышат. 70тен ашык чоң жана майда шаарлары бар. Калкы бир нече жүзгө жетет.Куралдары жебелүү жаадан жана найзадан турат. Атчан жаа атышта чебер келишет.Калкы 60 миң үй-бүлөдөн, 300 миң адамдан турат, аскеринин саны 60 миң.

Дабан ээлигинде бардык жерде жүзүмдөн шарап ачытышат. Байлар аны көп өлчөмдө үйлөрүндө сакташат. Алар бир нече ондогон жылдар бою сакталып тура берет. Дабандыктар шарапты жакшы көрүшөт.Алардын аттары болсо мусу чөбүн (беде) жешет. Аргымактары көп.– деп белгилеген.

Кытай императору У-Ди (б.з.ч. 140-87-жылдар) таланттуу башкаруучу болгон.Анын мезгилинде Хань Кытайы өтө гүлдөгөн. Жаштарды окутуу үчүн акдемия түзгөн. Бирдиктүү мамлекетин идеологиясы катары конфуцийчиликти (Конфуций – кытай даанышманынын окуусу) киргизген. У-Ди Ферганага атактуу дабан аргымактарын сатып алуу үчүн элчилерди жиберген. Алар «таза кандуу», «асман» аттарынын тукумдарын императорго өлбөс күч тартуулоочу шабдалы өсүп турган ыйык Кытай тоосунун чокусуна чыгуу үчүн керек болот"-деп келишкен.

Бирок, Ферганалык аксакалдар кытайларга аттарды сатууга каршы болгон. Ачуусу келген хан элчиси сүйлөшүүлөр жүргөн жерден чыгып, сарай алдында турган алтын аттын статуясын барк албагандай түр көрсөтүп түртүп кеткен. Дабандыктар асман аттарын ыйык катары эсептешкен. Элчинин кылыгын кечире алышпаган. Элчи мамлекеттин аймагынан чыгары менен Ю шаарынан алыс эмес жерде өлтүрүшкөн. Кытайлар үчүн согушка шылтоо жетиштүү болуп, алар күч менен Дабан мамлекетин алууга аттанышкан.

Дабандын калкы бүткүл Орто Азиялык уруулар үчүн бирдей тилде сүйлөшкөн. Алар сырткы кебете кешпири жагынан да айырмаланган эмес. Дабандын аймагындагы башкы шаар Эрши болгон. Чыгыш чет жакасында Ю-шаары бар. Чоң шаарлар эки катар калың дубал менен курчалган. Дабан урууларынын маданиятында эң байыркы карапа жасоо салттары өнүккөн. Көбүн эсе азык-түлүктөр карапаларда сакталган.

Кытайлыктарга Дабандыктардын жүзүмү жана мусу (беде) чөбүн алууга себеп болгон. Кытайлар өзүлөрү жоо-жарагын даярдоо үчүн металл куюнун ыгы менен да дабандыктарды тааныштырышкандыгын белгилешкен. Согуштар үчүн керек болгон жылкыларды берүүдөн баш тартышкандыктары үчүн кытайлыктар Дабанга атайын жортуул уюштурушкан.Кытайлык элчи Че-Линин жылкыларды сатып алуу талабына Дабандыктар баш тартуу менен жооп беришкен.

Аскерге жетекчилик кылуу белгилүү кытай кол башчысы Ли-Гуан-Лиге тапшырылат. Жортуул 104-жылы жайында



башталып, кытайлар үчүн ийгиликсиз аяктайт.Себеби аскерлер өтө көп санда сегиз миңге жеткен.Аларда азык-түлүк, жабдуулар менен камсыз кылууда Чыгыш Түркстанда эч кандай камкордуктар көрүлгөн эмес.

Кытай аскерлери Ю шаарынын жанына келгенде алардын саны абдан азайып, алсырашып калган эле. Ю шаарын басып алышса да, кытай армиясы мекенине кайтып кетүүгө аргасыз болушкан. Дунь-Хуанга кытай армиясынын ар бир он кишисинен экөө гана аман кайтат.103-жылы кытайлар Дабанга экинчи жолу жортуулун жөнөтөт. Армиянын саны 60 миңге жетип, аларды тейлеген кызматчылар да көп болгон. Кире 100 миң бодо малдан, 30 миң жылкыдан, 10 миң эшектен, качырдан жана төөдөн турган.

Жортуул алдын ала даярдык менен эң сонун уюштурулган эле. Алар келүүчү жолдо азык-түлүк базалары даярдалган. Качан гана аскер Луньтуга (Гүлчөгө) жеткен кезде ал шаар багынуудан баш тартат. Шаарда кудуктар болгон эмес. Сууну жанаша аккан дарыядан алышкан. Кытай аскери сууну башка жакка бурушуп бир канча күнгө курчоого алышкандан соң шаар багынып, адамдары өлтүрүлгөн. Ушундан соң аскерлер Дабанга жайма-жай келишкен. Бардык чараларга карабастан 30 миң адам гана келип жетет.Кытайлар Ю шаарын курчоого алышат. Шаарга келчү сууну буруп жиберишип, сырткы бир катар дубалды бузуп өтүүгө жетишишкен.

Дабандыктар аларга тынчтык жолун сунуш кылышат.Шаар боюнча кытайлар талап кылган аргымактарды жана кайра кетүүчү жолго керек болуучу азык-түлүктөрдү камдоо талабы коюлган эле. Ли- Гуан-Ли ал шартты кабыл алып, бир нече оңдогон аргымактарды, 3 миңдей айгырлар менен бээни алышат.

Алган олжолоруна ыраазы болушпай шаарды кайрадан талкалашат. Эр жүрөк Дабандыктардын эрктери майтарылбаган. Кытай аскерлери экинчи кайрылып келген эмес.

Суранчы Жетимишов

# ЭЛ САКТАГАН БАЛА
(Жомок)

Редактору: *А.Султанов*
Техн. редактору: *Р.Карабаев*
Корректору: *М.Маманова*
Компьютердик калыпка салган: *Н.Кыбыраев*

Терүүгө 20.02.09 берилди.
Басууга 12.03.09 кол коюлду.
Көлөмү 1 басма табак. Нускасы 1000 даана.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы, Ош шаары,
Курманжан-Датка көчөсү, 287, тел.: 2-52-50

3с

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.....472328